УДК: 81:372.1 (575.2) (04)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.93

Чыманова Т.
Ж. Баласагын атындагы КУУ

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРГЕ УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР ТУУРАЛУУ ТҮШҮНҮКТӨРҮН БЕКЕМДӨӨНҮН ЖОЛДОРУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада кыргыз тилин жогорку окуу жайларында окутууда студенттердин кыргыз улуттук баалуулуктары боюнча түшүнүктөрүн бекемдөөнүн зарылдыктары, теориялык маселелери жана практикалык иш-аракеттердин каражаттары менен ык-жолдорун сабакта пайдалануунун ык-жолдору иштелип чыкты. Советбек Байгазиевдин «Президент С.Жапаровдун Жарлыгы жана улутту сактоонун стратегиясы» («Ачык саясат», 2021, 26-март) жана «Ак калпак журтту сактоонун идеологиясы» («Майдан», 2022, 2-февраль) аттуу макалаларын жана С.Рысбаевдин «Кыргыздын элдик баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү» (Б., «Улуу Тоолор», 2020. -216 б.) деп аталган эмгегин пайдалануунун айрым жолдору берилди. Студенттер арасында улуттук баалуулуктар түшүнүктөрү боюнча маалыматтары чектелүү экендиги айтылып, аны байытуунун, толуктоонун дидактикалык негиздери аныкталды. Улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүгө карата колдонулуучу интерактивдүү ык-жолдору менен натыйжалуу каражаттары, активдүү формалары тууралуу маалыматтар берилди. Макалада теориялык маалыматтарга гана эмес, аларды колдонуунун практикалык маселелери, мааниси тууралуу ой-пикирлер басымдуулук кылат.

**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тили, экинчи тил катары, чет тили катары, улуттук баалуулуктар, окутуу, окутуунун максаты, окутуунун мазмунун, окутуунун технологиялары, окутуунун каражаттары, жогорку окуу жайы, нарктуу түшүнүктөр, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу ж.б.

Чыманова Т.
КНУ им. Ж. Баласагына

# ПУТИ УКРЕПЛЕНИЯ ПОНЯТИЙ О НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЯХ В ОБУЧЕНИИ СТУДЕНТОВ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ

**Аннотация**

В статье предложены теоретические и практические рекомендации и необходимость укрепления понятий о национальных ценностях в обучении студентов в ВУЗах. В этой статье даны некоторые пути использование трудов следующих авторов Советбек Байгазиев «Указ и стратегия сохранение наций Президента С Жапарова» («Ачык саясат», 2021, 26-март), «Идеология сохранения народа, носящего белый калпак» («Майдан», 2022, 2-февраль), С. Рысбаев «Кыргызские народные ценности и поучительные понятия» (Б., «Улуу Тоолор», 2020. -216 б.). Было отлично, что студентов ограниченные сведения о понятии национальных ценностях и поэтому определены дидактические основы по обогащению и дополнению этих сведений. Дана информация применении интерактивных методов и эффективных средствах, активных формах при освоений понятий национальных ценностях. В статье озвучено мнение, что в приоритете не теоретические сведения, а практические вопросы и смысл их применения.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, как второй язык, как иностранный язык, национальные ценность, обучение, цель обучения, содержание обучения, технологии обучения, средства обучение,

высшее учебное заведение, поучительные ценности, компетентностное обучение.

**Chymanova T.**
**KNU named after J. Balasagyn**

## WAYS TO STRENGTHEN THE CONCEPTS OF NATIONAL VALUES IN TEACHING STUDENTS THE KYRGYZ LANGUAGE

**Abstract**

The article proposes theoretical and practical recommendations and the need to strengthen the concept of national values in teaching students in universities. This article gives some ways to use the works of the following authors Sovetbek Baigaziev "Decree and strategy for the preservation of nations by President S. Zhaparov" ("Achyk sayasat", 2021, March 26), "The ideology of preserving the people wearing a white kalpak" ("Maidan", 2022 , February 2), S. Rysbaev "Kyrgyz folk values and instructive concepts" (B., "Uluu Toolor", 2020. -216 b.). It was great that the students had limited information about the concept of national values and therefore didactic foundations for enriching and supplementing this information were identified. Information is given on the use of interactive methods and effective means, active forms in the development of the concepts of national values. The article voiced the opinion that the priority is not theoretical information, but practical issues and the meaning of their application.

**Keywords:** Kyrgyz language, as a second language, as a foreign language, national value, learning, learning goal, learning content, learning technologies, teaching aids, higher education institution, instructive values, competence-based learning.

Кыргыз тилин эне тили, экинчи тил жана чет тили катары окутууга коюлуп жаткан соңку талаптар окутуунун максаты менен мазмунуна, формасы менен каражатына, бүтүндөй технологиясына олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Кыргыз тилин окутуунун максаты (кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү) анча өзгөрүүсүз калганы менен окутуунун мазмуну кыйла такталып, толуктоолорго ээ болду. Бул, баарыдан мурда, компетенттүүлүккө негиздеп окутуу менен деңгээлдер боюнча үйрөтүү талабынын коюлушу менен ачыкка чыкты. Азыркы жогорку окуу жайларында өтүлүп жаткан кыргыз тили сабактары аталган талапка ылайык уюштурулуп окутулуп келет. Ошол эле учурда окутуунун максаты тил үйрөнүүчүлөрдүн кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү деп аталганы менен, кеп ишмердүүлктү өркүндөтүүнүн өзү маданият таануучулук, эл таануучулук, өлкө таануучулук милдеттерди аркалоого милдеттүү деген талаптар коюлду. Педагогика илиминде жүздөгөн жылдар бою талап кылынып келген "таалим-тарбия иштери улуттук маданий баалуулуктар менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүлүшү керек", - деген талапка артыкчылыктуу маани берилип, ал жогоруда көрсөтүлгөн максаттык-мазмундук жаңы талаптарга окутууда өзгөчө көңүл буруунун зарылдыгын тастыктады.

Кыргыз жогорку окуу жайларында окутууга коюлуп жаткан соңку суроо-талаптарга мамлекеттик деңгээлде маани берилип, Кыргыз Республикасынын Президенти 2021-жылдын

29-январында "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыктарга кол койду. Биринчи Жарлыкты турмушка ашыруу тууралуу концепция иштелип чыгып [2] ишке ашырууга карата иштиктүү иш аракеттер башталды. "Концепциянын максаты - ар тараптуу өнүккөн, өз элинин руханий-адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарын терең сиңирген, эне тилин негизги баалуулук катары сыйлаган, билимдүү, жоопкерчиликтүү, дени сак, мекенчил, татыктуу инсанды калыптандыруу", - деп аныкталган. Мындан улам кыргыз тилин окутуунун максат-милдети менен мазмунуна руханий-адеп-ахлактык өнүгүү менен улуттук нарк жөнүндөгү маалыматтар, материалдар милдеттүү түрдө киргизилиши зарыл деген тыянак чыгарууга болот.

Бүгүнкү күндө кыргыз тилин окутууда аныкталган талаптар эске алынып, аздыр-көптүр тажрыйба топтолуп, алгачкы жыйынтыктары алынып, ийгиликтери жарала башталганын белгилөөгө милдеттүүбүз. Ошол эле учурда аталган талаптарды натыйжалуу ишке ашыруу үчүн биз, окутуучулар, айрым маселелерди чечип, айрым түшүнүктөрдү тактап алуубуз зарылдай сезилет. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

Биринчи, аталган Жарлыктарды жана аларды ишке ашыруу боюнча иштелип чыккан концепцияларды, иш аракеттердин пландарын ж.б. терең өздөштүрүү менен аларды окутуу процесстеринде пайдалуунун ык-жолдорун аныктап алуу.

Экинчи, кыргыз тилин окутууда улуттук баалуулуктар жөнүндө студенттердин түшүнүктөрүн бекемдөө үчүн кыргыз этнопедагогикасы боюнча А.Акматалиевдин, С.Байгазиевдин, А.Муратовдун, С.Рысбаевдин ж.б. жарык көргөн эмгектерин теориялык-методологиялык негиз, булак катары кеңири колдонуу.

Үчүнчү, улуттук баалуулуктарды окутуунун интерактивдүү методдорун, кызыктуу жана натыйжалуу каражаттарын аныктап, сабак процессинде колдонуу ж.б.

Советбек Байгазиев азыркы кыргыз педагогикасында билим берүүнүн актуалдуу маселелери боюнча тынбай эмгектенген, бул боюнча жүздөгөн макалаларды, ондогон баалуу эмгектерди жаратып келе жаткан улуу дидакт катары белгилүү. Педагог-окумуштуунун эмгектерин кыргыз тили сабагын пландап-уюштурууда, сабак өтүүдө пайдаланууга, колдонууга биз, окутуучулар милдеттүүбүз. Жогоруда көрсөтүлгөн макалаларында С.Байгазиев этнопедагогиканын негизинде тарбиялоонун «өзөктүү мазмундук-ресурстук, базалык таянычтарын» алтыга бөлүп көрсөткөн. Алар: элдин тарыхы, эне тили, этникалык маданият, көркөм адабият, искусство жана элдик философия, элдин адеп-ахлак маданияты, табият. Ар биринин казына, булак катары таалим-тарбия берүү процессинде колдонулушун ачып, тактап, аныктап берген. Мисалы, эне тил тарбия булагы болушу тууралуу: «Кыргыз тилинин лексикалык, макал-лакап, учкул сөз, жорго сөз, чечен сөз байлыгы – тилдин тарбиянын соолгус булагы», - деп аныктаса, табият жөнүндө: «Кыргыз жеринин сулуулугу, Ала-Тоонун ажайып жаратылышы, табият керемети, насыяттары, ата-бабалардын табият даанышмандыгы – тарбиянын мазмундук кору», [3, 16]- деп берилген.

Биздин милдет – булл маалыматтарды сабактын максатына, темасына жана студенттердин

ээ болуучу адистерине жараша иргеп, тандап алуу жана пайдалануу.

Сулайман Рысбаевдин аталган эмгегин [5], биз кыргыз тилин окутууга студенттердин улуттук баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрүн байытуунун, бекемдөөнүн окуу китеби, негизги каражаты катары таанып, пайдаланууну максаттуу жана натыйжалуу деп тастыктайбыз. Бул баалуу эмгектин жазылыш максаты боюнча автордун тилегин окуйлу. «…кичинекей бул китепчени колдонууга алып, билгениңизге баш ийкеп, унуткандарыңызды эстеп, жаш муундарга айта жүрүңүз. Ошентели да, жаштарыбыз, уул-кыздарыбыз, ата-бабаларыбыздан калган ушундай баалуулуктарыбызды унутпай сактай жүрсө экен – деп тилек кылалы!» [5, 8]. Бул автордун тилегине кошулуп, айткан сунуштарын пайдаланууга аракет кылабыз.

Эмгек салт, нарк, каада, үрп-адат жана ырым-жырым түшүнүктөрүн тууралуу тил сөздүктөрүнө белгилүү инсандардын айткандарына, фольклорго ж.б. булактарга таянуу менен кеңири жана жеткиликтүү маалыматтарды берүү менен башталат. Эгерде биз, окутуучулар, С.Рысбаев берген түшүнүк-маалыматтарды өзүбүз терең өздөштүрүп, талдап, аларды окутуунун активдүү жана интерактивдүү ык-жолдорун, формаларын жана каражаттарын алдын-ала аныктап, тактап албасак, өткөн сабактарыбыз өз максатына жетпейт. Эгерде биз салттуу сабактардын нугуна салып, «салт деп эмнени айтабыз?», «нарк деп эмнени айтабыз?» сыяктуу кызыксыз, тажатма суроолорду берип, эрежелерди жаздырып, жаттатып сабак өтсөк, анда кыргыз улуттук баалуулуктары жөнүндө студенттердин кызыгууларын жок кылып, көңүлдөрүн кайт кылып, кайдыгерликти жаратып, баалуулуктун баркын кетирүүлөрүнө гана шарт-өбөлгө түзгөн болобуз.

Эмгекти биз «улуттук баалуулуктарды окутуунун окуу китеби» катары сыпаттадык. Буга өзүбүздүн практикабыздан (сабак процессинен) бир мисал келтирели. Пикир алышууну, маалымат алмашууну, сүйлөшүүнү биз кеп ишмердүүлүгү деп белгилейбиз. Кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрү бар. Алардын экөө маалымат берүүгө билдирүүгө арналып, сүйлөө жана жазуу деп бөлүнөт. Дагы экөө маалымат алууга, кабыл алууга багытталып, угуу жана окуу деп аталат. Бул тууралуу студенттер билүүгө тийиш. Сабак процессинде студенттердин бардыгы эле бирдей мамиле кылышпайт. Айрымдары айтылып жаткан маалымат кызыгуу менен угуп, эстеп кылууга аракет кылса, башка бирөөлөрү кайдыгер гана мамиле кылып, угуп отургандай түр көрсөтсө, кээ бирөөлөрү башка нерсе менен алагды болушат. Муну окутуучу байкап, аудиторияга кайрылып:. «Силер кунт коюп укпай, башка нерселерди ойлоп отурасыңар. Кыргыз эли айтылып жаткан сөздү угууга, аны эстеп калууга өзгөчө маани берип, уккан кулакты бир нече топко болгон. Алар тууралуу билгиңер келеби?» - деген суроону коёт. Студенттерге бир аз кызыгуу көңүл коюу байкалып: «Билгибиз келет», - деп жооп беришет.

С. Рысбаевдин сөз болуп жаткан эмгегинин 73-бетинде «кулактын түрлөрүн» сегизге бөлүп көрсөткөн. Биз ал маалыматтын ксерокөчүрмөсүн жетиштүү санда алдын-ала даярдап алганбыз. Көчүрмөлөр ар бир студентке же катар отурган эки студентке таратылып, окуп, өз ойлорун айтуу тапшырмасы берилет.

Студенттерге кызыгуу, талашуу, тамашалуу, макул болуу сыяктуу аракеттер болуп, бири-

бирине «сен мындайсың» өңдүү тамаша сөздөр айтылат. Окутуучу ар бирине кыскача токтолуп, тактап, маанисин түшүндүрүп, мисалдарды турмуштан келтирип, сүйлөм түзүлүп, сөз маанилерин чечмелеп, өз алдынча үйдө иштөөгө оозеки же жазуу түрүндөгү тапшырмаларды берип, же өтүлүп жаткан темага ылайык тапшырмаларды ж.б. иш-аракеттерди жүргүзүүсү натыйжалуу болот.

Эмгектеги кулактын түрлөрү жөнүндөгү маалыматтар:

«Узун кулак – эл укпаганды угуп, эл ташыбаганды тыңшап, көп маалыматтуу болгон, айтып берери көп адам.

Куйма кулак – эмне укса да, канча укса да, канча укса да, качан укса да баарын эсине сактап, эч качан унутпаган, сөзгө маани берип, сөз жыйнаган адамдын кулагы.

Кум кулак – уккан сөз сезимине кирбеген, укса да сөз маанисин түшүнбөгөн адамдын кулагы.

Акма кулак – уккан сөз бул кулагынан кирип, тиги кулагынан чыгып, азыр уккан сөзүн азыр унуткан адамдын кулагы.

Таш кулак – канча айтса да кулагына эч кандай сөз кирбеген адамдын кулагы.

Каңырыш кулак – уккан сөздүн маанисине тетири түшүнүп, жарымын укса жарымын унутуп, чала тыңшаган адамдын кулагы.

Сак кулак – керектүү кепти керектүү учурунда тыңшап угуп алган кулак.

Кийиз кулак – эмне укса деле маани бербеген, жаман айтса да көңүл бурбаган, укканы уккан жеринде калган, угуп коюп унутуп таштаган адам» [5, 73].

Бул сыяктуу улуттук баалуулуктарды үйрөтүүгө булак, каражат болуусу маалыматтар эмгекте өтө көп.

Айталы, туугандык, жубайлык, кудалык, достук ж.б. мамилелер жөнүндө, тамак-аш, кийим-кече, адамдын жаш-курагы, өнөр, мезгилдерде ж.б. тууралуу кызыктуу маалыматтарды алууга болот. Мисалы, «келиндер сыпаты» деген бөлүмдө [5, 62-68] келиндерди «жаш келин», «иш келин», «кас келин», «мас келин», «наз келин», «таш келин», «уз келин», «маш келин», «баш келин» деп сегизге бөлүп, ар бирине сыпат берилет. Мындай маалыматтарды кыргыз тили сабагында пайдалануу сабактагы жандуулукту берип, кызыгууларды жаратып, буларды «улуттук баалуулуктар» деп атайын белгилебей эле керекттүү түшүнүктөрдү үйрөтүүгө, аларды баалоого көндүрүүгө болот.

## Адабияттар

1. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. - Бишкек, 2001. - 215 б.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январында «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү» Жарлыгы. // «Эркин -Тоо», 2021, 3-август.
3. Байгазиев С. Ак калпак журтту сактоонун идеологиясы // «Майдан», 2022. 2-февраль.

4. Байгазиев С. Президент С. Жапаровдун Жарлыгы жана улутту сактоонун стратегиясы // «Ачык саясат». -2021, 26-март.
5. Рысбаев С. Кыргыздын элдик баалуулуктары жана нарктуу түшүнүктөрү. - Б., «Улуу Тоолор», 2020. -216 б.